**«БЕКИТЕМИН»**
**И.Арабаев атындагы КМУнун**
**мамлекеттик тил жана илимий**
**иштер боюнча проректору, ф.и.к.,**
**профессор Э. Ж. Каниметов ________**
**2022-жыл, 6-апрель**

**Жетектөөчү уюмдун – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын изденүүчүсү Сагындык кызы Жанардын 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» аттуу диссертациясына**

# КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке илимий иштин дал келиши.** Сагындык кызы Жанардын «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» аттуу диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште кыргыз маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири акын Алымкул Үсөнбаевдин жалпы чыгармачылыгы боюнча кеңири изилдөө жүргүзүлүп, ал 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 – фольклористика адистиктеринин паспортуна толугу менен жооп берет. Төкмө акын, айтуучу, обончу, аткаруучу, комузчу Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларынын изилдениши, ырчылыгынын калыптаныш этаптары, айтыш өнөрүндөгү чеберчилиги, кенже эпосторду айтуудагы акындын өздүк вариантынын өзгөчөлүктөрү жана чыгармалары тематикалык-идеялык, жанрдык, поэтикалык жактан талдоого алынып, иликтенген.

**2. Илимий иштин темасынын актуалдуулугу.**

Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы тууралуу буга чейин жазылгандар акындын ыр жыйнактарындагы баш сөздөр, акындар чыгармачылыгына тиешелүү фундаменталдуу эмгектердеги портреттик мүнөздөгү иштер, эскерүүлөр болгон. Демек, илимий негизде Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында калыптанган салттуулуктарды, анын вариантындагы кенже эпостордун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн аныктап, жаңычылдыктарын көрсөтүү менен кыргыз адабият тарыхынан алган ордун белгилеп, чыгармаларына комплекстүү талдоо жүргүзүп, баа берүү – учурдун

Институт языка и литературы ... Национальной академии наук Кыргызской Республики
Вход. № 188/06
«12» 04 2022 г.

талабы. Иштин актуалдуулугу да мына ушул маселелерден көрүнөт.

Натыйжада изденүүчү тарабынан аткарылган илимий изилдөө иши актуалдуу жана пайдалуу деп корутундулоого болот.

**3. Илимий иштин түзүлүшү.** Илимий иш 3 баптан, 9 параграфтан турат.

**Киришүүдө** иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, алдына койгон максат, милдеттери, жаңылыгы, илимий-практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн аппробацияланышы, илимий иштин публикацияларда чагылдырылышы, коргоого коюлуучу жоболору берилди.

**Диссертациянын биринчи бабы** "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын салттуулугу, жаңычылдык белгилери" деп аталып, төмөнкүдөй: 1.1. А.Үсөнбаевдин чыгармачылык жолунун изилдениш тарыхы, методологиялык негиздери; 1.2 А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук, өздүк чеберчилик маселелерин изилдөөнүн объектиси, предмети, методдору; 1.3 Акындык өнөрдөгү салттуулуктун А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында калыптанышы; 1.4 А.Үсөнбаевдин айтыштарындагы өздүк чеберчилик аттуу параграфтардан турат.

Бул бапта диссертант Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын изилденишине кеңири токтолуп, акындын чыгармаларын талдоого алган, акын жөнүндө пикир айткан адабиятчы, окумуштуулардын эмгектерин тизмектеп, аларга карата өз оюн айтып, талдоого алган. Акындын чыгармачылыгындагы салттуулуктун берилишин анын чыгармачылыгынын калыптанышы менен чогуу карап, орус, кыргыз фольклористтеринин эмгектерине таянуу менен илимий жыйынтыктарды чыгарган. Ошондой эле акындар поэзиясында кылымдардан бери калыптанып келе жаткан салттуулукту А.Үсөнбаев чыгармачылыгында улантуу менен жаңы форма, жаңы идея берип, өздүк чеберчилигин көрсөтө алгандыгын мисалдар менен ишенимдүү далилдеп бере алган. Бул бапта акындын айтыш өнөрүндөгү ийигилик, кемчиликтери да талдоого алынып, "Акбаары", "Экинчи жолугушуу", "Аксы багытында" ж.б. айтыштын классикалык үлгүлөрүнө айланган айтыштары менен катар доордун таасиринин астында калган, советтик идеологияга сугарылган ортозаар айтыштары жөнүндө да оюн айтууга аракет кылган. Диссертант кээ бир ойлорун кайталап, бир илимпозго толук байланышта боло бербегендигин шарттаган учурлар бар. Бул бап көбүнесе баяндоо мүнөзүнө ээ.

**Диссертациянын экинчи бабы** "Фольклордук жанрлардын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында иштелиши" деп аталып, 2.1. Элдик оозеки чыгармачылыктагы жомок, уламыштардын А.Үсөнбаевдин чыгармачылыгында кайрадан иштелиши; 2.2. А.Үсөнбаевдин вариантындагы "Кожожаш", "Олжобай менен Кишимжан", "Саринжи, Бөкөй", "Кедейкан" эпосторунун сюжеттик өзгөчөлүктөрү деген параграфтардан турат.

Бул бапта диссертант акындын айтуучулук өнөрүнө токтолуп, ар бир акындын жаратуучу боло аларын далилдөөгө аракет кылган. Элдик

жомокторду адабий жомокко трансформациялоодо акын-ырчылардын ордун көргөзүүгө аракет кылган. Бул маселелерге улай акындын "Көзөлшаа", "Жолборс минген киши", "Байкобул абышка", "Эшектен жолборс" жомокторун талдоого алып, бул жомокторду толук кандуу адабий жомок деп атоодон алыс болуп, буларды элдик жомоктордун адабий жомокко өтүүдөгү өзүнчө бир баскыч катары карап, анализдеген. Ошондой эле бул жомокторуна сюжеттик анализ жүргүзгөн.

Экинчи параграфта акындын вариантындагы кенже эпосторду иликтөөгө алып, бул эпосторду башка айтуучулардын варианттары менен салыштырып, иштин аягында сюжеттик өзгөчөлүктөрү боюнча тиркеме берген. Мындай тиркеме практикалык иш үчүн абдан ыңгайлуу. Акындын вариантындагы кенже эпостордун дээрлик бардыгы сюжеттик-композициялык жактан жогору тургандыгын диссертант далилдөөгө далалат жасаган. Ал эми "Кедейкан" эпосунун көлөмү жагынан да, сюжеттик курулушу жагынан да деңгээли төмөн экендигин башка фольклористтердин эмгектерине таянуу менен баса белгилейт. Иште кенже эпосторду салыштырууда башка варианттар менен окшош жактарына көп токтолуп, акындын жеке өзгөчөлүгү тууралуу азыраак ойлор айтылган.

Илимий методологиянын негизин жомоктор, акындын вариантындагы жана башка айтуучулардын вариантындагы кенже эпостор түзгөн.

**3-бап "А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын жанрдык, тематикалык жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү"** деп аталып, 3.1. Акындын чыгармаларынын тематикалык, жанрдык көп түрдүүлүгү; 3.2. Акындын чыгармачылыгындагы доордун сүрөттөлүшү же жаңы замандын жарчысы катары жаралган ырлар; 3.3. Акындын чыгармаларынын поэткалык мүнөзү деген параграфтар орун алган. Аттары эле айтып тургандай, А.Үсөнбаевдин чыгармалары ар тараптуу иликтөөгө алынып, илимий жыйынтыктар чыгарылган.

**Диссертациянын корутундусу төмөнкүдөй жыйынтыкталган:**

• Алымкул Үсөнбаев – төкмө акын. Алымкул өз чыгармачылыгын чакан той-аштарда, кыз оюндарда секетпай, күйгөн ырларды аткаруудан баштайт. Кийин таасирленүү, көнүгүү, тажрыйба топтоо, жамакчылык, өз алдынчалыкка өтүү, төкмөлүк же айтыш акыны, устаттык сындуу салттуу өнүгүү этаптарды басып өтүп, чыгармачылыгы андан ары калыптанган. Акындын акын болуп, чыгармачылыгынын андан ары өнүгүшүнө айылдаш акындар Сулайман, Аттокур, Айдараалы, Үмөталы ырчылардын, кийин Токтогулдун салымы зор болгон. Кийин кыргыздын улуу акындары Токтогул, Калык, Осмонкул, Ысмайыл өңдүү акындар менен эл алдында ырдашып, чыныгы төкмөлүк сапатты калыптандырган;

• Алымкул Үсөнбаевдин чыгармалары 30-жылдардан баштап жарык

көрө баштайт. Акын алгачкы "Ырлар" жыйнагы 1938-жылы басылып чыккан. Ушундан баштап ыр жыйнактары, жомоктору, анын вариантындагы кенже эпостор тынбай жарыяланып келет. Ал эми акындын чыгармачылыгына илимий баа берүү иши К.Маликовдун макаласынан башталып, Ж.Таштемиров, С.Байходжоев, С.Мусаев, Б.Кебекова, А.Обозканов, А.Турдугулов, С.Тиллебаев, М.Көлбаева ж.б. сыяктуу адабиятчылардын акындар поэзиясы тууралуу эмгектеринде, о.э. кыргыз адабиятынын тарыхына байланыштуу антологияда, залкар акындар серияларында акындын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу илимий талдоолор айтылып, портреттик мүнөздөгү макалалар жазылган;

• Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында акындар поэзиясындагы салттуулук толук сакталган. Муну акындын турган жеринде ырды төгүп ырдаган төкмөлүгүнөн, чыгармачылык синкретизминен, устат-шакиртчиликтин салттуулугунан, идеялык-тематикалык, поэтикалык салттуулуктардан көрөбүз;

• Алымкул Үсөнбаев – айтыш өнөрүнүн мыкты окулу. Акындын Токтогул, Калык, Осмонкул сыяктуу белгилүү акындар менен болгон алым-сабак, учурашуу айтыштары бар. Токтогул менен ырдашкан "Акбаары", "Кырк-Серке жайлоосунда Токтогул менен жолугушуу", "Аксы багытында" жана "Осмонкул менен Алымкулдун совхоздор жөнүндө айтышы" сындуу айтыштары бул жанрдын классикалык үлгүсү катары бүгүнкү күнгө чейин ырдалып келет. Акындын айтыштарында жаңы заманды, совет өлкөсүнүн жетишкендиктерин даңазалоо идеялары күч экени байкалат;

•Алымкул Үсөнбаев – өз вариантын жараткан айтуучу. Акын элдик эпостордун бир нечесин ырдап, "Кожожаш", "Саринжи-Бөкөй", "Олжобай менен Кишимжан" сындуу эпосторду образдык жактан толуктап, негизги канондук сюжеттерге алымча кошумчаларын киргизип, өздүк варианттарын жарата алган. Ошондой эле "Нарикбай" элдик поэмасын айткандыгы тууралуу маалымат бар. Акындын вариантындагы кенже эпостордон тышкары анын эпикалык жанрдагы жомоктору да белгилүү. Элдик жомокторду трансформациялап, ыр түрүндө жомок жаратышы акындын айтуучулугу менен бирге каралуучу өздүк чеберчилигинен кабар берет. Элдик жомокторду ырга салып, аларга жаңы түс берип, мааниси курч тамсилдерди да жараткан. Анын жомоктору, тамсилдери курч окуялуулугу жана поэтикалык өзгөчөлүгү менен өз алдынчалыкка ээ;

• Алымкул Үсөнбаев – акындар чыгармачылыгындагы тематикалык салтты өз чыгармачылыгында улантып, аккан суу, махабат, табият сындуу салттуу темаларга өз чеберчилигине жараша жаңычылдык киргизген. Табият темасындагы ырларында пейзаждык сүрөттөөлөргө өтө бай жана заман талабына ылайык жаңылыктарды киргизүү менен ырларынын элдүүлүгүн арттыра алган.

• Акын – доордун жарчысы. Ал эки доордо өмүр кечирсе дагы акындык өнөрдөгү салттуу чыгармачылык жолду тутунуп, жаңы заманга жараша

жаңычыл темада, идеяда чыгармаларды жаратып, өз ийгиликтерин көрсөтө алды. Жаңы доордо жараткан ырлары көбүнесе согуш, жаңы замандын жетишкендиктерин даңазалоо, чакырык темасындагы ырлар. Акындын салттуу ырларынан, жаңычыл мүнөздөгү чыгармаларынан көркөмдүүлүгү жактан ийгиликтүү чыккан ырлары арбын.

Акындын согуш темасындагы ырлары согуштагы жоокерлерге дем-күч берип турса, тылдагы эмгекчи элге кайрат берип турган. Акын элдик ырчы, ал элдин жашоосунда кандай жаңылык болсо ырга салган. Партия, Ленин, Совет өкмөтү жөнүндөгү ырлары жаңы заман жөнүндө элди кабардар кылуу, эмгекке, окууга чакыруу мүнөзүндө болгон. Бул жаатта акын ырларды, “Биринчи бригада” сыяктуу көлөмдүү поэмаларын да жараткан.

• Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларынын тили бай, көркөмдүгү бийик. Ал акындар поэзиясынын башка өкүлдөрү да таянган элдик поэзияда салтка айланган поэтикалык каражаттарды пайдаланат. Оозеки чыгармачылыкта кездешүүчү туруктуу сөз айкаштарын, салыштырууларды, эпитеттердин түрлөрүн чыгармачылыгында ыктуу колдонуу менен ырларынын көркөмдүгүн бийиктете алды. Ырларынын көбү салт болуп калган 7-8 муундан турса, кийин жазма адабияттын таасири менен 11-12 муун өлчөмүндөгү ырлары да бар.

Жыйынтыктап айтканда, Алымкул Үсөнбаев элдик оозеки чыгармачылыктын бай казынасын сактап, жайылтып жана кайрадан иштеп чыгуу менен бирге заманга жараша ырларды чыгарып, бай мурас калтырган жана айтуучулугу, мукамдуу үнү жана аткаруучулугу менен эл эсинде калган залкар талант.

**4. Диссертацияда баяндалган натыйжаларды чыгарууга автордун жекече салымы.** Сагындык кызы Жанардын «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» деген темадагы кандидаттык диссертациянын жыйынтыктары индивидуалдуу жана өз алдынча жазылган иш деп атоого болот. Анда А.Үсөнбаевдин чыгармаларын изилдөө системалуу мүнөзгө ээ. Диссертант А.Үсөнбаевге тиешелүү негизги өзгөчөлүктөрдү, көңүл буруучу жагдайларды аныктап, аларды ар тараптуу анализдөөгө аракет жасаган. Диссертацияда жогорку илимий-теориялык деңгээлде жыйынтыктар чыгарылган. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу. Бул диссертация аталган негизги маселе боюнча ички бир бүтүндүккө бириктирилген илимий жыйынтыктарды өз ичине камтыйт жана автордун аталган маселе боюнча фольклористика жана адабият таануу илимине кошкон жеке салымын күбөлөп турат.

**5. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүк деңгээли.** Диссертант А.Үсөнбаевдин чыгармаларын ар тараптуу талдап жана акын жөнүндөгү илимий пикирлерди анализдеп, чыгармаларындагы салттуулуктун улантылышын жана өздүк чеберчилигин белгилеп, ошол эле учурда доордун таасиринин негизинде жаралган чыгармаларына токтолуп, төкмөлүктү,

айтуучулукту, комузчулукту ж.б. өнөрдүн, б.а. анын синкреттүүлүгүн аныктоого аракет жасаган. Ишенимдүү талдоого алган. Так жана негиздүү далилдери менен берген. Диссертанттын чыгарган натыйжасы терең ишенимдүү, так фактылык материалдар менен бекемделген, теориялык жана адабият таанууда колдонулган илимий изилдөө методдору менен жыйынтыктары алынган.

**6. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз акындарынын ири өкүлү Алымкул Үсөнбаевдин өмүрү, чыгармачылык жолу комплекстүү түрдө биринчи ирет илимий талдоого алынып жатат. Өзүнө ылайык үнү, чыгармачылык жүзү менен кыргыз маданиятына өз салымын кошкон Алымкул акындын чыгармачылыгы Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Эшмамбет, Калык, Осмонкул сыяктуу акын-ырчыларындын катарында диссертациялык деңгээлде биринчи изилденип жатат. Бүгүнкү күнгө чейин акындын чыгармачылыгы тууралуу айтылып, жазылып жүргөнү менен анын адабий мурастарын ар тараптан атайын иликтеген эмгек жок. Ошол себептүү, Алымкул акындын чыгармачылыгы боюнча алгачкы илимий-теориялык эмгектин жазылышы иштин жаңылыгын негиздейт.

**7. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү.** Кыргызстандагы орто мектептерде, жогорку окуу жайларынын филология багытындагы факультеттеринде акындар чыгармачылыгы тууралуу дарстарды окууда, окуу китептерин жарыкка чыгарууда пайдаланууга болот. “Кыргыз адабиятынын тарыхы”, “Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы”, “Акындар поэзиясы” аттуу дисциплиналарды окутууда, курстук, дипломдук, магистрлик иштерди жаздырууда жана лекциялык программаларды түзүүдө керектүү материал катары колдонууга мүмкүн.

**8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын изденүүчү жарыялаган макалаларда тастыкталышы.** Илимий иштин мазмуну тиешелүү мезгил тилкесинде Кыргызстандын илимий журналдарында макала ирээтинде жарыяланган.

**9. Диссертациянын, авторефераттын илимий ишти жазуу эрежелерине дал келиши жана жалпы сунуштар.** Диссертациянын жана авторефераттын түзүлүшү жана мазмуну илимий ишти жазуу эрежелерине толугу менен дал келет. Ошондой эле автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине шайкеш келет.

Аталган иште Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында салттуулуктун улантылышы жана өздүк чеберчилиги тууралуу сөз болот. Диссертант акындын чыгармачылыгындагы салттуу темалар (аккан суу, махабат, арноо,

табият ж.б) жөнүндө сөз кылганда А.Үсөнбаевдин жекечелигин көрсөтүү максатында салыштырууга басым койсо жакшы болмок. 1-баптын 1.2 параграфын киришүүгө киргизсе туура болчудай. Иштин айрым жерлеринде кайталоолор кездешет. Адабияттардын тизмесин библиографиялык сыпаттама берүүнүн эрежелерине, тартибине салып карап коюу ашыктык кылбайт.

Жыйынтыктап айтканда, мындай кемчиликтер илимий иштин жалпы деңгээлине доо кетирбейт, илимий иш диссертанттын абдан берилгендиги менен жазылгандыгы, иликтенгендиги жана жыйынтык чыгаргандыгы менен өзгөчөлөнүп турат.

**Жетектөөчү мекеме Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д.10.20.616. диссертациялык кеңешинде Сагындык кызы Жанардын «Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери» аттуу 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09 - фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы илимий-теориялык деңгээлде аткарылган жана филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.**

Диссертацияга жана авторефератка пикир И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын 2022-жылдын 6-апрелиндеги отурумунда №9 протокол менен бекиле турган талкуусунун жыйынтыгы аркылуу берилди. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты: А.О.Дюшембиева – ф.и.к., проф., А.А.Эгембердиева – ф.и.д, проф.м.а.; А.Каныбекова – ф.и.к., доцент, К.К.Койлубаев – ф.и.д., проф. м.а., Р.Сыдыкова – ф.и.к., проф. м.а., Г.Жумаева – ф.и.к., проф. м.а., Ж.М.Орозалиева – ф.и.к., доц. м.а. – катчы, Х.Шамбеталиева – ф.и.к., доценттин м.а., А.Кабатай кызы –ф.и.к., доценттин м.а., улуу окутуучулар: Ф.Мырзаева, А.Ажыбаев, К.Сопубеков.

**Чогулуштун төрайымы ф.и.д., проф. м.а.** **А.Эгембердиева**

**Катчы** **Ж.Орозалиева**

**Тастыктайм:**
**МТМИнин окумуштуу катчысы** **А.Оросулбекова**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ